# ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯЛАР

**Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилери:**

**Милдеттүү:**

1) Жарандык коргонуу боюнча комиссияларды түзүүгө жана алардын ишин координациялоого;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы чечимдерди кабыл алууга;

3) тынчтык жана согуш мезгилине Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жана аларды Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашууга;

4) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте ведомствого караштуу аймакта кырсыктын тобокелдигине мониторинг жүргүзүүгө, божомолдоо, баалоо жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзүүгө;

5) кооптуу жаратылыш процесстеринин зоналарында жер участокторун бөлүп берүүнүн алдын алуу максатында турак үйлөрдү, администрациялык жана өндүрүштүк имараттарды жана курулмаларды курууга жер участокторун бөлүп берүү жөнүндө чечимди Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашууга;

6) Жарандык коргонууну жүргүзүү үчүн зарыл болгон күчтөрдү жана каражаттарды даярдоону жана даярдыкта кармап турууну;

7) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен өз ара аракетте калкты коргонуу ыкмаларына жана өзгөчө кырдаалдардагы аракеттерге үйрөтүүнү уюштурууну;

8) өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана ал келип чыкканда эвакуациялоо иш-чараларын жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууну жана аларды өткөрүүнү уюштурууну;

9) Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазма буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылууну;

10) түпкүлүгү кооптуу участоктордон калкты көчүрүү боюнча комплекстүү чараларды күн мурунтан көрүүнү;

11) өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу же келип чыгышы жөнүндө калкка өз убагында кабарлоону камсыз кылууну;

12) ведомствого караштуу объекттерде жана аймактарда келип чыккан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүүнү;

13) тынчтык мезгилде материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзүү жана даярдыкта кармоо үчүн жыл сайын республикалык бюджетте финансылык каражаттарды караштырууну.

**Билиш керек:**

1. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн ченемдик укуктук документтеринин талаптарын, радиациялык, өрт коопсуздугу жана суу объектилеринде адамдардын коопсуздугу боюнча эрежелерди;

2. Жарандык коргонуунун түзүмүн жана милдеттерин, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана жоюу боюнча иш-чараларын иштеп чыгуунун жана пландоонун методикасын, мазмунун;

3. Жарандык коргонуунун курамын, милдеттерин, мүмкүнчүлүктөрүн жана күчтөрүн колдонуу тартибин, алардын дайыма даяр болушун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштурууну;

4. Өзгөчө кырдаалдардын түрлөрүн, алардын келип чыгуу себептерин, негизги мүнөздөмөсүн, региондогу жана аймактагы экологиялык жана техногендик жагдайларынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн;

5. Жарандык коргонуу максатында финансылык, материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык жана башка каражаттардын запастарын түзүү тартибин, алардын өлчөмдөрүн, күтүү жана толуктоо шарттарын;

6. Жарандык коргонуунун күчтөрү менен аймактык жана объектилик башкаруу органдарынын ортосунда аракеттенүүнүн тартибин жана аны уюштурууну;

7. Тынчтык жана согуш мезгилинде болгон өзгөчө кырдаалдарды жоюу үчүн авариялык-куткаруу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүү тартибин жана аларды уюштурууну;

8. Калк арасында Жарандык коргонуу жаатындагы билимди үгүттөө формаларын жана методдорун, аларды уюштурууну;

9. Атайын жана санитардык тазалоону, дозиметриялык жана химиялык контролду өткөрүү тартибин;

10. Жарандык коргонуунун башкаруу органдарынын ишин уюштуруу маселелерин, алардын түрдүү режимдеги

даярдыгынын мөөнөттөрүн, жабдуусун жана Жарандык коргонуунун даярдык даражасын;

11. Нөөмөттүк-диспетчердик кызматтын жумушун башкаруу, байланыш жана кабарлоо системасынын иштөө жана түзүү принциптерин;

12. Жарандык коргонуунун милдеттерин чечүү үчүн тартылган Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн бөлүктөрүнүн жана бөлүнүштөрүнүн, башка аскердик түзүлүштөрүнүн өз ара аракеттенүүсүн уюштурууну;

13. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга, алардан келтирилген зыянды азайтууга, калкты коргоого багытталган мамлекеттик жана аймактык максаттуу программаларды ишке ашыруунун тартибин.

**Аткара билиш керек:**

1. Жарандык коргонуу тармагындагы уюштуруу документтерин иштеп чыгууну;

2. Ээлеген кызматынын деңгээлинде Жарандык коргонуу тармагындагы кырдаалды талдоону, баалоону жана чечим кабыл алууну;

3. Авариялык-куткаруу иштерин жана башка кечиктирилгис иштерди уюштурууну, иштерди аткарууда баш ийген күчтөрдү башкарууну;

4. Радиациялык, өрт коопсуздугунун эрежелерин ишке ашыруу, суу объектилеринде адамдардын коопсуздугу боюнча иш-чараларын жүргүзүү тартибин камсыздоону;

5. Калкка баш калкалоочу жай, жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылууну, ошондой эле калкты, материалдык жана маданий баалуулуктарды коопсуз

жерге көчүрүүнү, жабыркаган калктын, биринчи кезектеги муктаждыктарын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштурууну;

6. Кооптуу өндүрүштүк системалардын жана объектилердин коопсуз иштешин уюштурууну жана ишке ашырууну;

7. Жарандык коргоону тармагындагы баш ийген башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын, Жарандык коргонуунун түзүмдөрүнүн даярдыгын уюштурууну жана өткөрүүнү, ошондой эле калкты Жарандык коргонуу тармагында окутууну;

8. Жарандык коргонуу тармагындагы мобилизациялык пландын тапшырмаларын аткаруу боюнча чара көрүүнү.

9. ЖКМТнун ишинин бардык режимдеринде өз убагында чечимдерди кабыл алуу жана оперативдүү иш-чараларды жүргүзүүнү;

10. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу боюнча жогорку органдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү.

Райондун деңгээлинде төмөнкү
Пландар иштелип чыгып, ишке ашырылат:

1. ЖКну киргизүүгө даярдыктын жана киргизүүнүн тартиби.
2. Ушул жылга ЖКнун даярдык Планы.
3. ЖКнун тынчтык мезгилге Планы, тиркемелери менен.
4. Табийгый жана техногендик ӨКдан эвакуациялоо Планы, тиркемелери менен.
5. ЖК кмиссияларынын иштөө Планы.

6. Окуу материалдык базаны түзүү жана өнүктүрүү Планы.
7. Жаны окуу жылына адистерди окутуу Планы.
8. ЖК боюнча жыл ичинде пропагандалоонун Планы.
9. ЖКнун комиссия мүчөлөрү менен жыл ичинде окутуу Планы.
10. Түзүмдөрдү даярдыкка келтирүү Планы.
11. Баш коргоочуларды кабыл алууга коргоочу курулмаларды даярдыкка келтирүү Планы.

Райондун денгээлинде ЖК башчысынын төмөнкү Буйруктары даярдалып кол коюлат:

1. ЖК жетекчисинин жарандык коргонууну уюштуруу
2. жана жүргүзүү жана ЖК багытында кызмат адамдарын бекитүү, тиркемелери менен Буйругу.
3. ЖКнун өткөн жылдагы даярдыктын жыйынтыгы, абалы жана калкты коргоонун абалы жана жаңы жылга милдеттери жөнүндө ЖК башчысынын Буйругу.
4. ЖК багытында иш-чараларды уюштуруу жана ӨК алдын алууга ЖК башчысынын Буйругу.
5. ЖК комиссиясын түзүү Буйругу.
6. Эвакуация комиссиясын түзүү Буйругу.
7. ЖКнун башчысынын аймактык түзүмдөрдү түзүүгө Буйругу.
8. Объектинин кызматкерлерин ЖКну боюнча жана табийгый жана техногендик ӨКда аракеттери жонүндө окутууну уюштуруу Буйругу.
9. ЖКнун башчысынын өзгөчө кырдаалдар учурунда финансылык жана материалдык резервдерин түзүү жөнүндө Буйругу.